КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XVIII-чакырылышынын III-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

**2024-жылдын 28-майындагы № 26** **Барскоон айылы**

**Барскоон айылдык аймагынынын территориясындагы ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын «Мүлккө болгон муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 2 жана 19-беренелерине, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, «Сары-Төр» суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке берүү жөнүндө чечими тууралуу жана Барскоон айылынын ирригациялык курулмалар боюнча Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевдин билдирүүсүн угуп, талкуулап, Барскоон жергиликтүү кеңешинин сессиясы токтом кылат:

1. «Сары-Төр» суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчикке берүү жөнүндө суроо-талабы канаагаттандырылсын.

2. Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы:
   1) Барскоон айылынын ирригациялык курулмары жана «Сары-Төр» суу пайдалануучулары менен ирригациялык курулмалар түрдө мүлктү кабыл алуу-берүү актысын түзсүн.
   2) «Сары-Төр» суу пайдалануучулар ассоциациясы менен ирригациялык курулмаларды берүү келишимине кол койсун, аны мамлекеттик нотариустан күбөлөндүрсүн жана мамлекеттик каттоо кызматтарынын органдарында каттасын.
   3) Ирригациялык курулмаларды муниципалдык менчик реестрине камтысын.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевга тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин экономикалык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Ибаков**

---

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, а/ө -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска